**2.Минималдуу талаптарды аткаруунун анализи жана далилдөө базасы**

| | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө) | Далилдөөчү база |
|---|---|---|---|
| **1. БАШКАРУУНУН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ** | | | |
| ***Билим берүү уюмунда педагогикалык кеңеш бекиткен миссияны, стратегиялык жана учурдагы пландарды, билим берүүнүн максаттарын, окутуунун натыйжаларын, сапат менеджменти системасын өзүнө камтыган билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты болушу керек*** | | | |
| **1.1** | Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актардын болушу | Мектептин ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын юстиция министирлигинин 2021-жылдын 26-июлунда№ 5444 буйругу менен бекитилген Уставынын, мектептин түзүмдүк бөлүмү жөнүндө жобонун, билим берүү жаатынын ишин жөнгө салган жергиликтүү актардын негизинде жүргүзүлөт. Мектеп уюштуруу - укуктук формасы жагынан - мекеме болуп түзүлдү жана жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто мектеп баскычтарын камтыган коммерциялык эмес окутуу-тарбиялоо мекемеси болуп эсептелет .<br>**Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актар төмөнкүлөр:**<br><br>-Билим берүү мекемесинин өзүн-өзү башкаруусун калыптандыруучу ички актар;<br>-Окуу процессин калыптандыруучу ички актар;<br>-Окуучулардын тартип эрежелерин калыптандыруучу ички актар;<br>-Мектепте маалыматтык ишин уюштурууну калыптандыруучу ички актар;<br>-Мугалимдин уюштуруучулук ишмердүүлүгүн калыптандыруучу ички актар;<br>-Мектептин финансылык ишмердүүлүгүн калыптандыруучу ички актар:<br>-Эмгекти коргоо нускамалары (эрежелери);<br><br>Мектептин нормативдик ички актары педагогикалык кеңеште кабыл алынат. Мектеп администрациясы, предметтик мугалимдер, класс | 1.Мектептин Уставы<br>2. Юридикалык жактан мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө күбөлүк<br>3.Ички актар<br><br>https://bakaev.mektebim.kg/ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жетекчилер, ашпозчу жана кенже тейлөөчү кызматкерлер бекитилген жобонун, нускаманын негизинде мыйзам чегинде иш жүргүзүшөт. Мектеп Кыргыз Республикасынын окуучуларына бюджеттик каржылоонун негизинде толук кандуу билим берет. | |
| **1.2** | Билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын кызыктар тараптардын керектөөлөрүн жана өзүн өзү баалоонун ар жылдык жыйынтыктарын эске алуу менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландардын болушу. | **Мектептин миссиясы:**<br>**Ата-энелер,коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдун талабына ылайыктуу жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо.**<br><br>Мектептин стратегиялык өнүктүрүү планы 2018-2019 окуу жылында мектептин №1 педагогикалык кеңешмесинде, кызыкдар тараптардын сунуштары жана муктаждыктары эске алуу менен өзгөртүүлөр киргизилип,кабыл алынып мектептин миссиясы түзүлүп, стратегиялык максаттары, милдеттери бекитилген (Кызыкдар тараптардан тиешелүү темада анкета, тест алынган).<br>Мектептин жалпы иш планы, тарбия иштери боюнча жана социалдык педагогдун иш мерчемдери окуу жылынын башында №1 педагогикалык кенеште талкууланып, кабыл алынган. Мектеп администрациясы бектилген иш мерчеминин негизинде иш алып барат.<br><br>**Мектептин максаты:**<br>1. Билим берүүдө окуу процессин технологиялаштыруу каражаты катары билимди эске алуу менен негизги мектептининновациялык ыкмасын, мектептин ишмердүүлүгүнүн жана адаптациялык мейкиндигинин пайда болушу үчүн билим берүү процессинин ар бир катышуучусу мектептин стратегиялык максаттарын чечүүчү катары оптималдуу шарттарды түзүү.<br>2. Окуучулардын күчтүү, туруктуу, терең фундаменталдык билимин калыптандыруу<br>3. Квалификацияны жогорулатуунун ар кандай формаларын колдонгон | 1.Мектептин стратегиялык өнүктүрүү планы жана талдоо, баалоо анализи.<br><br>2.Мектептин жалпы планы 5-ж.<br><br>3.Тарбия иштери боюнча иш мерчеми 5-ж.<br><br>4.Социалдык педагогдун иш мерчеми 5-ж.<br><br>. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мугалимдердин кесиптик компетентүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу<br>билим берүү процессинин алкагында инновациялык иш-аракеттерди активдештирүү үчүн шарттарды түзүү.<br><br>Пед.кенештердин, директордун алдындагы кеңешмелердин маселелери талапка ылайык,зарыл деп табылган маселелер менен алмашылып турат.<br><br>**Стратегиялык пландын 3-милдети боюнча:**<br><br>Жаны технологияларды колдонуу менен билим сапатын 2 % жогорулатуу.<br>Билим берүү ишмердүүлүгүн ишке ашырууда, кызыкдар тараптардын суроо-талаптарын, муктаждыктарын эске алуу менен стратегиялык жана учурдагы иш планды түзүүдө төмөндөгүдөй структуралык бөлүмдөр тартылган:<br>-мектеп администрациясы;<br>-педагогикалык кызматкерлер;<br>-билим берүүнү колдоо кызматкерлери;<br>-техникалык кызматкерлер;<br>-окуучулар;<br>-ата-энелер комиттери;<br>–коомдук ишкерлер<br>Билим берүү процессине катышкан кызыкдар тараптар менен кызматташуунун натыйжасында коомдун арасында жогорку рейтингди камсыздайт. | |
| **1.3** | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жоопту адамдардын/ түзүмдөрдүн болушу. | Мектептин ишмердүүлүгүн жогорулатууда алдыга коюлган максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруу максатында мектеп жетекчилигинин, мугалимдердин функционалдык милдеттери иштелип чыккан.Бардык мугалимдер предмети боюнча усулдук бирикмелерге бөлүнүп, окуу жылы башында бекитилген пландын негизинде иш алып барат жана бекитилген иш пландын аткарылышы боюнча отчетун берип турушат. | 1.Мектеп жетекчилигинин жана мугалимдердин функционалдык милдеттери<br><br>2.2020-2021-окуу жылына |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Окуу планы жана педагогикалык кеңештин планы боюнча мектеп жетекчилигине, ар бир усулдук бирикме жетекчилери жана мугалимдер педагогикалык кеңешмеде, директордун алдындагы кеңешмеде отчет беришип, тиешелүү чечимдер кабыл алынып турат.<br>Билим берүү сапатын камсыз кылуу саясаты жумушту пландаштыруу жана кызматкерлерге маалымат берүү, иш-аракеттерди нускоо, жөнгө салуу жолу менен ишке ашырылат, бул мугалимдердин жалпы милдеттерин так түшүнүүсүн камсыз кылат.<br>Усулдук кеңештин, усулдук бирикменин жана ички көзөмөлдүн иш мерчеми менен ОТИ боюнча директордун орун басары ,УК нын жана УБнын жетекчилери алгылыктуу иш алып барышат .<br>Көзөмөлдүн ачык- айкындуулугу жана болжолдонгон натыйжаны алуу контролдоо обьектилерин толук камтуу менен камсыз кылынат.<br>Мектепте усулдук кеңеш түзүлгөн.Ошондой эле 5 усулдук бирикме бар:<br>1. Так илимдер УБ;<br>2.Гуманитардык УБ;<br>3.Башталгыч класстар УБ;<br>4.Табият илимдер УБ.<br>5Музыка, сүрөт, кол эмгек, дене тарбия, УБ.<br>Усулдук кеңештин, усулдук бирикменин жана ички көзөмөлдүн иш мерчеми менен ОТИ боюнча директордун орун басары ,УК нын жана УБнын жетекчилери алгылыктуу иш алып барышат. Ар бир усулдук бирикменини жетекчиси чейрек сайын предметтер боюнча окуучулардын билим сапатын, жетишүүсүн аныктап, мониторинг чыгарып, талдоо менен салыштыруу жүргүзүшөт. Мектеп жетекчилиги жан мугалимдер өз милдетин так аткаруу менен билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга көмөк көрсөтүшөт.<br><br>Предметтик мугалимдер ар түрдүү инновациялык усулдарды колдонуу менен окуучулардын билим сапатын көтөрүүдө жылдык, айлык пландарды түзүү менен иш алып барышат. Пландардын негизинде жумалыктар, ачык сааттар, семинарлар өткөрүлөт. Өтүлгөн семинар, жумалыктардын жыйынтыктары боюнча алдыңкы педагогикалык тажрыйбалар мектеп | карата билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча анализ.<br><br>3.УК жана Усулдук бирикмелердин отчеттору, протоколдору.<br>4.Насаатчылык боюнча жобо. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ичинде, район ичинде жайылтылыптурат. Райондук, областык билим берүү бөлүмдөрү тарабынан уюштурулган ар түрдүү конкурстарга, семинарларга усулдук бирикме мүчөлөрү активдүү катышып турушат. Акыркы эки жылдан бери мектепке жаш мугалимдер келе элек. Буга чейин жаңы келген жаш мугалимдерге Усулдук кеңештин жетекчиси тарабынан тажрыйбалуу мугалимдер дайындалып, насаатчылык мектеп директорунун буйругунун негизинде бекитилген. . Насаатчы болуп бекитилген мугалимдер, жаш мугалимдерге иш кагаздар боюнча, окутуп тарбиялоо иштери боюнча түшүнүк беришет, ар бир жаш мугалимге педагогикалык-психологиялык, усулдук жардам көргөзүүгө жооптуу болуп бекитилишкен.<br><br>Мектепте насаатчылык боюнча жобо иштелип чыгылган.<br>Негизги предметтер боюнча акысыз ийримдер иштейт:<br>1.«Шумкар» балдар тобу.<br>2.«Шоола» бийчилер тобу. | |
| **1.4** | Персоналдын жана окуучулардын жүрүм турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу.<br>Аларды сактоо ( билим берүүнүн жана инсандын маданий көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын колдоону уюштуруучулук маданияттын калыптангандыгы) | Мектеп уставынын билим берүү процессинин катышуучулары бөлүмүндө тартип жана этикалык ченемдер иштелип чыккан .Педагогикалык жамаат менен бирге мугалимдердин , окуучулардын өзүн кандай алып жүрүүсү жөнүндө жобо иштелип чыгып жана [illegible] [illegible] кабыл алынып, мектеп директору тарабынан бекитилген .<br><br>**Мугалимдин профессионалдык этикасынын Кодекси:**<br>• Бардык абал<br>• Мугалимдин негизги нормалары<br>• Мугалимдердин башка адамдар менен өз ара мамилеси<br>• Мугалимдин окуучу менен тил табышуусу<br>• Мугалимдер менен өз ара мамилеси<br>• Мектеп админстрациясы менен өз ара мамилеси<br>• Ата-энелер менен мамилеси<br>• Коомчулук менен мамилеси<br><br>**Окуучунун тартип эрежеси:** | 1.Мектеп кызматкерлеринин этикасынын негиздери жөнүндө жобо<br><br>2. Окуучулардын жалпы жүрүм-турум эрежелери жөнүндө жобо<br><br>3.Эмгек келишими боюнча жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • Окуучунун мектепке келүүсү<br>• Окуучунун сырткы көрүнүшү<br>• Сабакка катышуудагы тартиби<br>• Мектептин сырткаркы убактагы тартиби<br>• Дежурный окуучунун класстагы , дежурный класстын залдагы милдеттери<br><br>Окуу процессинин баардык катышуучуларынын арасында инсандын кадыр баркын урматтоого артыкчылык берилет.<br>Уставда окуучулардын, ата-энелердин жана мугалимдердин укуктары жана милдеттери так, ачык-айкын чагылдырылган. Кыргыз Республикасынын 19-август 2016-жылындагы №43 токтомунун негизинде , мектепте 2016-жылдын 21-августунда педагогикалык кеңешменин чечими менен этикалык коммисиясы түзүлгөн.<br>Жетекчиси: Бейшекеева З.М.<br><br>Мүчөлөрү: Жаныбек кызы Анара<br><br>Мугалимдер жамааты менен эмгек келишими түзүлгөн, ошонун негизинде иш жүргүзүлөт. Бул комиссия этикалык ченемдер бузулган учурда жана жеке кайрылуулардын негизинде иш жүргүзөт. Ар бир мугалим жана тех.кызматкерлер менен функционалдык милдеттерин тааныштырып келишимдер түзүлөт. Мектепте профсоюз уюму, социалдык педагог этикалык комиссия мүчөлөрү менен биргеликте эмгек кодексинин нормалары сакталат .<br>Мектепте мугалимдердин этикасы жөнүндө жобо иштелип чыгып, педагогикалык кенеште бекитилип, профсоюз уюму менен макулдашылган. Окуучулардын жүрүм-турумунун этикалык ченемдери боюнча дагы жобо иштелип чыгып, педогогикалык кеңеште бекитилген. | |
| **1.5** | Ишти баалоо, пландоо, уюштуруу ошондой эле билим берүү | Мектепте стратегиялык жана учурдагы пландардын билим берүүнүн максаттарынын аткарылышы жана аларды ишке ашыруунун жолдору педагогикалык кеңештерде мектеп директорунун алдындагы кенешмелерде | 1.Билим берүү чөйрөсүнүнкоопсуздугуну н жакшыртуу жана ден |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүү механизмдеринин жана жол- жоболорунун болушу. | талкууланып, тиешелүү чечимдер кабыл алынып турат. Иш пландарды аткарууда ар бир иш чарага жооптуу мугалимдер бекитилген. Педагогикалык кеңештерде билим берүү программаларын өркүндөтүү маселелери каралып, алдынкы педагогикалык тажрыйбалар талкууланып, жетекчиликке алынып турат. Мектеп билим берүү программаларынын өз максаттарына жетүүсүн жана окуучулардын билим денгээлин жогорулатуу үчүн мониторингдер жүргүзүлүп, бааланып турат.Мектептеги окуучулардын билим сапатын текшерүү чейрек сайын өтүлөт.<br><br>Мектептеги [illegible] , [illegible] , мониторингдөөгө жана мезгили менен баалоонун чен-өлчөмдөрү коюлган:<br><br>1.Мектептин миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талабына ылайык максаттары коюлган<br><br>2.Стандартка ылайык окуу жүктөмдөрү түзүлгөн<br><br>3.Мониторинг жүргүзүү (жетишүү катышуу, билимин баалоо)<br><br>Мониторингдердин жана баалоонун жыйынтыктарын бардык кызыктар тараптар менен бирге талдап талкууланат.<br><br>Мектептин материалдык-техникалык ресурстары. Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жана окуучулардын физикалык , эмонационалдык жана социалдык өнүгүүсүнүн шарттарынажооп берет. Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу санитардык эрежелер жана нормаларды сактоо, ( ага кол жуучу раковиналар, кол жуучу самындар, санитайзерлер, антисептикалык килемчелер жана таза туалет кирет) окуучулардын ден соолугунун пландыштырyусу, Сергек жашоо мүнөзү боюнча класстык сааттар, спорттук ийримдер, предметтик сынактарга катышуу жана кабинеттерди жашылдандыруу иштери менен сакталып, көзөмөлдөнөт. Гигиена жана санитария маселеси камсыз болгон жана көзөмөлдөнөт. Класстык бөлмөлөрдүн ирээтин жана тазалыгын окуучулар карашат: бир күндө эки маал нымдуу тазалоо, жума сайын самын-хлорка камтылган азыктарды колдонуу менен генералдык уборка жасалат. Мектептин фойесинде, музейде, китепканада , усулдук | соолукту сактоочу чөйрөнү түзүү иш мерчеми<br><br>2.Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун жакшыртуу боюнча жобо<br><br>3. Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун балоо,мониторинг жүргүзүү отчёту |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | бөлмөдө жана башка бөлмөлөрдү техникалык кызматкерлер көрктөндүрүп, тазалыкты сакташат. Башталгыч класстардын окуучуларына ысык тамак уюштурулган . Ашкананын тазалыгы мыкты тартипте сакталат, идиш- аяктар жана ашкана шаймандары тиешелүү каражаттар менен үзгүлтүксүз тазаланып, жуулат. Ашкананы желдетүү, тазалоо иштери мектеп администрациясы түзгөн графиктин негизинде жүргүзүлөт.Ашкана кызматкерлери атайын кийим кийишет. | |
| **1.6** | Кызыкдар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тиешелүү оңдоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдеринин болушу.; | Мектепте Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жөнүндө, Мугалимдин статусу жөнүндө, Камкорчулар Кеңеши жөнүндө мыйзамдары билим берүү программаларын ишке ашырууда жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйруктары, билим берүү уюмдарынын иштерин жөнгө салуучу иш укуктук- нормативдик актылары, мектептин уставы жетекчиликке алынып, окуучуларга сапаттуу билим берүү артыкчылыктуу мааниге ээ. Билим берүүнүн сапатын көтөрүү үчүн бардык шарттар көрүлөт. Ата-эне, коомчулук, айыл өкмөт мектеп менен бирдикте балдарга мектеп ичине ыңгайлуу микроклимат түзүү механизми иштелип чыккан. Натыйжада, мектептин материалдык техникалык базасын чыңдап, окуу мебелдери, окуу китептери , усулдук колдонмолор жана компьютер, интерактивдүү такталар менен жабдуу үчүн бир катар иштер жасалган. Ыңгайлуу шарттардын болушу билим сапатынын негизи болуп саналат. Мектепте негизги чечимдерди кабыл алуу жана оңдоолорду киргизүү Педагогикалык кеңеште каралат.Кабыл алынган чечимдерди көзөмөлдөө мектеп администрациясы тарабынан жүргүзүлүп, ишке ашырылат.<br>Ата-энелер комитети жана мүчөлөрү мектептин ишмердүүлүгүн жогорулатууга, өсүп-өнүгүшүнө көмөк көрсөтүп келишет. Жалпы ата-энелер чогулушунда мектептин , ата-энелер комитетинин жана Камкорчулар кеңешинин жылдык отчетторуберилип, тиешелүү чечимдер кабыл алынат.<br><br>Укук-бузуунун алдын алуу, Кылмыштуулуктун алдын алуу жана тарбия иштери боюнча дагы социалдык педагог, профилактикалык кеңеш жана | 1.Ата-энелер чогулуштарынын протоколдору<br><br>3.Жалпы ата-энелер чогулушунун жобосу<br><br>3.Педагогикалык кеңештин протоколдору.<br><br>4.Директордун алдындагы кеңешменин протоколдору |

ТИ боюнча директордун орун басары ата-энелер чогулуштарын өткөрүшөт.

2009-жылы демилгечилердин жалпы чогулушунун чечими менен мектепте ата-энелердин камкорчулар кеңеши түзүлгөн.

Билим берүүнү ишке ашырууга катышуучулар менен өткөрүлгөн чогулуштар:

| Окуу жылдар | Жалпы ата-энелер чогулушу | Тарбия иштери боюнча өткөрүлгөн чогулуштар | Класс ичинде өткөрүлгөн ата-энелер чогулушу (ар бир класс ичинде) |
|---|---|---|---|
| 2017-2018 | 3 | 4 | 5 |
| 2018-2019 | 3 | 4 | 5 |
| 2019-2020 | 2 | 3 | 5 |
| 2020-2021 | 2 | 3 | 5 |
| 2021-2022 | 2 | 3 | 5 |

<table>
<tr>
<td>1.7</td>
<td>Билим берүүнү башкаруунун колдонуудагы маалыматтык системасынын, веб сайттын, электрондук почтанын болушу.</td>
<td>
Мектепте информатика кабинети бар, класста 11 персоналдуу компьютер бар жана окутуучу үчүн бир МФУ принтери бар. Интернетке туташкан. 2020-жылы мектепттин 1 корпусундагы кабинеттерге интернет тартылды. Администрация мүчөлөрүнүн кабинеттеринде дагы персоналдуу компьютер, принтерлер орнотулган.
2020-2021-окуу жылынан баштап учурда мугалимдер, окуучулар жана ата-энелер электрондук күндөлүк менен иш алып барып жатышат.Электрондук күндөлүк менен иш алып баруу мугалимдер үчүн да, кызыктар тарптар үчүн да ыңгалуу экен. Электрондук күндөлүк аркылуу ата-энелер балдарынын сабакта жетишкендиктерин көзөмөлдөй алышат. Күнүмдүк сабакта алган бааларын ачык көрө алышат.ИСУО маалыматтык сайт дайыма көзөмөлдөнөт. Мектептин сайтын жана ИСУОну иштеткен жоопту мугалимдер дайындалган. 2021-жылы ата-энелердин демөөрчүлүгү менен мектеп сайты ачылды. ИСУО маалыматтык сайтына мектептин баардык маалыматтары толук киргизилип турат. Мектептин сайтына мектепте болуп жаткан иш чаралар, жетишкендиктер, ийгиликтер өз убагында жооптуу мугалим тарабынан киргизилет . Кызыктар тараптар мектеп турмушу менен ВЕБ сайттан тааныша алышат. Сунуштарын жазып калтырышат.
Информациялык системанын башкаруу маалымат тутуму:
<ul>
<li>ВЕБ сайт</li>
<li>Мектептин электрондук почтасы</li>
<li>Жаңы китеп</li>
<li>Электрондук журнал</li>
<li>ИСУО</li>
</ul>
Керектөөлөрдү канаттандыруу боюнча баалоо жүргүзүү үчүн ата-энелерди, билим алуучуларды сурамжылоо жүргүзүлүп турат.
</td>
<td>
Веб сайт: https://bakaevmektebim.kg
ИСУО жобосу, Электрондук күндөлүктүн жобосу
Мектептин электрондук почтасы:
Bakaeva53@bk.ru
</td>
</tr>
</table>

**<u>Мектептин билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын жүргүзүүдө күчтүү жактары:</u>**
-Мектептин стратегиялык жана учурдагы пландары иштелип чыккан;
-Кызыкдар тараптарды кошо тартуу менен натыйжалуу башкарууга мүмкүндүк түзүлгөн;
-Педагогдордун алдынкы тажрыйбаларын жайылтуу боюнча жакшы жетишендиктерге жетишүүсү;
-Мектептин кооз, жашоо шартка ыңгайлуу жерде жайгашуусу;
-Мугалимдер өз билимин өркүндөтүү курстарына, ар кандай семинар тренингдерге катышуусу.

-Мектептин педагогикалык кадрлар менен камсыз болушу;
-Мектептин бардык структураларында пландоонун жана анализдөөнүн болгондугу;

-Ар түрдүү эл аралык, коомдук уюмдар жана коомчулук менен болгон байланышы;

-Сабак окутууда мектепте интернет байланышынын жана кызыкдар тарапка, коомчулукка мектеп турмушу тууралуу маалыматтын жеткиликтүүлүгү;

**<u>Мектептин билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын жүргүзүүдө алсыз жактары:</u>**
-Драм кружокторду ,жолугушууларды диспуттарды өткөрүүгө конференция залынын жоктугу;
-Социалдык жактан коргоого муктаж болгон окуучулардын жылдан жылга көбөйүшү;
-Ата-энелердин мектеп турмушуна аз кызыккандыгы. -
Мектепти өнүктүрүүнүн планында белгиленген пунктардын бардыгын аткарууга каражаттардын жетишсиздиги.
-Мектепке спонсорлордун аз тартылгандыгы. -Социалдык
жактан коргоого муктаж болгон окуучулардын жылдан-жылга көбөйүшү.
-Физика, химия, биология предметтери боюнча лабараториялык иштерди жүргүзүү үчүн курал-жарактардын жетишсиздиги.

**Сунуш:**
Мектептин билим берүү сапатын жогорулатуу, предметтик мугалимдерди өз билимин жогорулатуу курстарына,тренингдерге, семинарларга укатыштыруу.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2.Кадрдык саясаттын натыйжалуулугу** | | | |
| ***Билим берүү уюмунун өз ишин компетенттүү персонал менен камсыздоо үчүн натыйжалуу кадр саясаты болушу керек*** | | | |
| | **Өзүн-өзү баалоо критерийлери** | **Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө)** | **Далилдөөчү база** |
| **2.1** | Педагогикалык, административдик, окутуучу көмөкчү | Мектепке мугалимдерди кабыл алуу (комплектилөө) Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексине ылайык жүргүзүлөт. Мугалимдер үчүн негизги жумуш берүүчү болуп мектеп эсептелинет. | 1.Мектептин Уставы<br><br>2. Буйрук тар (үлгүсү) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жана кенже тейлөөчү персоналды жумушка алуунун (жумуштан бошотуунун) объективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыздоочу механизмдин жана жол жоболордун болушу. | Педагогикалык кызматка билим жөнүндө диплому, тийиштүү педагогикалык квалификациясын ырастаган, педагогикалык адистикке ээ болгон адамдар кабыл алынып, эмгек келишимдери түзүлөт. Педагогикалык билими жана дасыгы жок адамдар кайра даярдоо курсунан өтүшкөндөн кийин кана педагогикалык кесипте иштөөгө укуктуу. Мектепте бошогон орун вакансияларынын негизинде мугалимдер дипломунда көрсөтүлгөн адистиги жана квалификациясы боюнча жумушка кабыл алынат. Мектепке мугалимдерди жумушка кабыл алууда, бошонууда жана кызматтан жогорулатууда Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси жетекчиликке алат. Учурда мектептин педагогикалык кадр менен камсыз болушу- 90% түзөт. | 3.Директор менен мектеп кызматкерлеринин эмгек келишими<br>4.Эмгекти коргоо нускамасы |
| **2.2** | Штаттарды комплектилөө, педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына шайкеш келүүсү . | Мектепте педагогикалык жана көмөкчү курамдын комплекттелиши, квалификациясы,билими жана тажрыйбасы билим берүүнүн максаттарына жетүүгө ылайык. Ар бир окуу жылынын башталышында мугалимдердин кесиптик өздүк курамы такталып кадрдык отчет берилип турат.<br>Педагогикалык кадрлардын жалпы саны- 23<br>Билим берүүнүн мыктысы – 5<br>Жогорку билимдүү - 10<br>Бакалавр -3<br>Атайын орто -3<br><br>Жалпы педстаж боюнча:<br>1-жылдан 3-жылга чейинкилер -2<br>5- жылдан 10 жылга чейин-2<br>10 жылдан 15 жылга чейин – 5 | 1.Штаттык расписание<br><br>2. Сапаттык курам пед.коллектив.<br><br>3.Тарификациялык бирдик |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 15жылдан өйдө стажы барлар- 4<br><br>Ар бир окуу жылынын башында райондук билим берүү бөлүмүнө мектептин квалификациясын жогорулатууга муктаж мугалимдердин тизмеси бекитилип берилет.<br>2017-2018-окуу жылында 23 %<br>2018-2019-окуу жылында 24 %<br>2019-2020-окуу жылында 24%<br>2020-2021-окуу жылында 23%<br>2021-2022-окуу жылында 24%<br>Мектептин мугалимдеринин кесиптикквалификациясын жогорулатуу үчүн 5 жыл сайын жиберилет, андан сырткары тренингдерге,семинарларга жана кыска мөөнөттүү квалификациясын жогорулатуучу окууларга барышат . Мектептин мугалимдеринин кесиптик квалификациясы боюнча камсыздалышы 90%.Мектептин кадрдык курамы ишке ашып жаткан билим берүү программасына жана талаптарына толук ылайык келет. | |
| **2.3** | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоонун анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол -жоболордун болушу. | Мектепте физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуу үчүн педагогдор менен ата-энелер ортосунда келишимдер түзүлгөн. Анкета түрүндө алынып, физикалык коопсуздук боюнча имараттын коопсуздугу , бөлмөлөрдүн жарыктандырылышы , кабинеттердин жылуулугу , желдетилиши , таза суу менен камсыз болушу, мебелдердин коопкуздугу, ата-энелер, жергиликтүү бийлик менен кайрылуулардын маек жүргүзүү проблемалары, суроо-жооп аркылуумаалымат алып стратегиялык планга киргизилген, социалдык педагог анкета жүргүзөт, жашыруун кутуча пайдаланылат. Ар бир айда комиссия курамы менен ачылып, протокол жүргүзүлөт. Ар кандай психологиялык коопсуздукту алдын алуу үчүн ата-эне, окуучу ЖӨИ кызматкерлери менен ай сайын чогулуштар өткөрүлүп түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат. Мектепте видео көзөмөл орнотулган. Өрт коопсуздугу боюнча план түзүлгөн, техникалык пункттары | 1.Ата-энелерден окуучу мугалимдерден анкета усулдук жактан алынган медициналык жана социалдык мониторинг отчеттор корутундулар .<br><br>2. Укук бузуучулуктун алдын алуу кеңештин жобосу.<br>3. Укук бузуучулуктун алдын алуу кеңештин иш мерчеми, отчеттору, протоколу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | аткарылган.<br>Эвакуациялык план бар. | 3.Ишеним почтасынын жобосу. |
| **2.4** | Педагогикалык административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу көмөкчү персоналдын ишин баалоону анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механиздин жана жол жоболордун болушу. | Усулдук бирикмеде мугалимдердин өзүн-өзү өнүктүрүү пландары бекитилген. Педагогикалык кенештин планынын негизинде кезек-кезек менен усулдук бирикмелердин ишмердүүлүгү, алардын отчеттору каралып талкууга алынат . Азыркы иновациялык ыкмаларды колдонуу менен сабактардын өтүлүшү боюнча семинарларды өтүп турушат. Мектептерде предмет боюнча уюштурулган семинарларга дагы мугалимдер катышып турушат.Жыл сайын мугалимдер түзүлгөн графикке ылайык областык билим берүү институтунда жана башка уюмдарга өз билимин жогорулатуу курстарына жөнөтүлүп турат. Квартал сайын мугалимдерге стим төлөнөт . Мугалимдердин ишмердүүлүгүн мектептин, райондун, облустун жана Министерствонун ардак грамотасы жана ыраазычылык катын берүү менен бааланат . | 1.Эксперттик кенеш жөнүндө жобо<br>2.УБ,эксперттик комиссиянын стим.фондту бөлүштүрүү протоколдору<br>3.Мектеп кызматкерлери нин ишмердүүлүгүн баалоо механизми |

**Кадрдык саясат, педагогикалык курам боюнча мектептин күчтүү жактары:**
-Мугалимдерди жумушка кабыл алуунун объективдүү критерийлерин болушу;
-Мектеп жакшы адистер менен камсыз болуусу;
-Педагогикалык кадрлардын өз билимин өркүндөтүү үчүн үзгүлтүксүз квалификациясын жогорулатуусу жана кыска мөөнөттөгү семинар, терингдердин билим берүү бөлүмү тарабынын уюштурулушу;
-Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү түзүүдө педагогикалык жана кенже персоналдардын, ата-энелердин,жергиликтүү бийликтин, медицина кызматкерлердин кызыкдар болушу;
-ИДН кызматкери менен тыгыз байланышта иш жүргүзүлүүсү;
-Маалыматтын үзгүлтүксүз болушу, коопсуз маалыматтардын жеткиликтүүлүгү;

**Кадрдык саясат, педагогикалык курам боюнча мектептин алсыз жактары:**
-Кенже персоналдар үчүн айлык акынын аз болушу;
-Айрым учурда акча каражатынын жетишсиздиги ;
-Айрым педагогдордун кайдыгерлиги;

**Сунуш:**Жаш кадрларды мектепке тартуу;

**3.Материалдык техникалык база**

***Билим берүү уюмунун жетиштүү, жеткиликтүү, коопсуз жана билим берүүнүн максаттарына ылайык келүүчү материалдык***

| | | | |
|---|---|---|---|
| ***техникалык базасы болушу керек.*** | | | |
| | **Өзүн-өзү баалоо критерийлери** | **Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө)** | **Далилдөөчү база** |
| **3.1** | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал, жыйындар залы, ашкана). Ошондой эле жашоо үчүн шарттары бар жатаканалардын болушу (эгеред болсо). | Мектептин материалдык-техникалык базасы ар бир окуу жылына карата жергиликтүү башкаруу органы жана демөөрчүлөрдүн жардамы менен жакшырууда. Мектепте ден-соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн шарттар түзүлгөн. Бардык предметтер боюнча кабинеттер жабдылган . Мектептин аймагында окууга тартылбаган окуучу жок.<br>Мектепте окуучуларды шыктандыруу жана окуунун натыйжасына жетишүүсүнө түрткү берүү,жардам берүү үчүн ар бир класска бекитилген класс жетекчилер иш алып барат. Мындан сырткары мектепте балдар менен иштөө үчүн социалдык педагог бекитилген иш мерчеминин негизинде иштейт.<br><br>Мектептин штатына бекитилген медициналык кызматкер жок болгодугуна байланыштуу окуучулардын жана педагогикалык курамдын ден соолугуна кам көрүү айылдык үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун медициналык кызматкерлери тарабынан камсыздалат.<br><br>КРнын президентинин 2006-жылдын 12-июлундагы УП№372 КРнын жалпы билим берүү мектептериндеги окуучулардын тамактануусун уюштуруу тууралуу указы чыккан. КРнын илим,билим жана жаштар саясаты министирлигинин 2006-жылдын 27-июлундагы №429/1 КРнын жалпы билим берүү мектептериндеги 1-4-класстардын окуучулары үчүн ысык тамак уюштурулган.<br><br>Мектеп эки корпустан турат.<br>Мектепэки кабаттуу,16окуу кабинети бар. 2-корпус-1 кабаттуу, 6 окуу кабинети бар.2-корпуста башталгыч класстын окуучулары окушат.Бардык предметтер боюнча кабинеттер жетиштүү.Китепкана, спорт зал, ашкана, мини футбол аянтчасы бар.Учурда мектеп талапка жооп берет.<br>Кышкысын жылуу, жарык балдар үчүн ыңгайлуу шарттар | 1.Инвентаризация ведемосту,а.ө тарабынан мектепти текшерүү актысы, МТБны чыңдоо боюнча кайрылуулар<br><br>2.Окуу кабинеттери боюнча фотоотчёт<br><br>3.Окуу кабинеттеринин паспорту |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | түзүлгөн.Материалдык базаны чыңдоонун үстүндө аракет кылып жатабыз.<br><br>**Мектеп менен кызматташкан уюмдар:**<br>Минфин КР<br>Ильич айыл өкмөтү, «Жаштар ынтымагы» , «Кемин келечек» фонду,фонд развития.<br>USAID<br>Камкорчулар кеңеши,демөөрчүлөр . | |
| **3.2** | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо . Экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери. | Мектептин бөлмөлөрү санитардык -гигиеналык ченемдер менен эрежелерге, өрт коопсуздугунун талаптарына , ошондой эле Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык эмгекти коргоо жана коопсуздук эрежелеринин талаптарына ылайык келет.Ар бир класста , фоеде коопсуздук эрежелери боюнча бурч түзүлгөн. Техникалык коопсуздук эрежелерди сактоо, жолдо жүрүүнүн эрежелери, өрт коопсуздугу боюнча класстык саатар, инструктаждар өтүлүп турат. Анкета түрүндө алынып физикалык коопсуздук боюнча имараттын коопсуздугу, бөлмөлөрдүн жарыктандырылышы, кабинеттердин жылуулугу, желдетилиши, таза суу менен камсыз болушу, мебелдердин коопсуздугу ата энелер , жергиликтүү бийлик менен кайрылуулардын , маек жүргүзүү, проблемаларды суроо жооп аркылуу аныктап алып, стратегиялык планга киргизилген, айрым учурда тез кабыл алуу педагогдордун чогулушунда чечилет. Балдардын ден соолугун коргоо, жугуштуу ооруларды алдын алуу үчүн ФАП кызматкери менен мониторинг жүргүзүлүп турат. Социалдык педагог анкета жүргүзөт,ишеним почта пайдаланылат,ар бир жумада комиссия курамы менен ачылып протокол түзүлөт. Ар кандай психологиялык коопсуздукту алдын алуу үчүн почта ичиндеги көйгөйлөр ата эне, окуучу менен бирдикте маек жүргүзүүү менен чечилет. ИДН кызматкерлери менен ай сайын чогулуштар өтүлүп түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат,видеокөзөмөл орнотулган. Өрт коопсуздугун сактоо боюнча:<br>• План түзүлгөн<br>• Окуу жылынын башталышында мектеп ичинде (класс | 1.СЭСтин жана өрткө каршы, эмгекти коргоо, коопсуздук техникасынын актысы<br>2.Окуу кабинеттеринин , мектептин окуу жылына карата даярдыгы жөнүндө актысы<br>3.Өрткө каршы, эмгекти коргоо, электр коопсуздук техникасынын эрежелери.<br>4.Фото отчет<br>5.Техпаспорт,эвакуация планы,коопсуздукту сактоо бюнча буйруктардын үлгүсү<br>6.Экологиялык, санитар-дык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелерди сактоо жобосу<br>7.Мектепте коопсуздукту сактоо боюнча иш чаралар планы<br>8.Коопсуздукту сактоо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | кабинеттердеги,окуу залдардагы,ашканадагы,спорттук залдагы) техникалык абал боюнча,кошумча эшиктердин кулпуларынын абалы боюнча текшерүү жүргүзүлөт.<br>• Кошумча чердак тазаланат.(чердак өрткө каршы материал менен капталган)<br>• Ар бир кабатта эвакуациалык пландар илинген,Залдарда багытты көрсөтүүчү белгилер коюлган.<br>• Өрт өчүрүүчү баллондор убагы менен толтурулуп турат.<br><br>Өрт коопсуздугунун инструкциялары мектеп жамаатына, 1-11-класска чейинки окуучуларга өтүлөт, химия,информатика, кабинеттерде илинет. Окуучулар арасында “Жаш өрт өчүрүүчү” тобу түзүлүп, план боюнча ишмердүүлүгү жүргүзүлөт. | боюнча эсеп-кысап каттоо журналынын үлгүлөрү |
| **3.3** | Материалдык техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу. | Мектептин өнүгүү планында материалдык техникалык базаны чыңдоо жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча милдеттер коюлган.<br>**Стратегиялык максат:**<br>Мектептеги билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, окуучулардын өзүн-өзү өнүктүрүү жана өз билим көтөрүүсүн калыптандыруу, билим алууга толук шартты түзүү. А.Бакаев атындагы Ильич жалпы билим берүү орто мектебинин мекемесинин материалдык техникалык базасын жана информациялык ресурстарын топтоо жана баалоо, талдоо жана жакшыртуу үчүн донорлорду жана спонсорлорду тартуу менен бирге проектилерди жазып, жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү менен социалдык кызматташууну өрчүтүү.<br>**Стратегиялык максаттан күтүлүүчү натыйжа:**<br>Активдүү граждандык багыты бар, нравалык жүрүш-туруштагы социалдык багыттуу инсанды калыптандыруу.<br>Мектепте окуу процессин толукишке ашырууга зарыл болгон жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу методикалык материалдар, анын ичинде электрондук ресурстар бар. | 1.МТБны чыңдоо боюнча стратегиялык өнүгүү планы<br><br>2.МТБ, маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча мониториг, анализ, баалоо, талдоо. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Мектеп 2020-жылы интернет байланышы менен камсыз болгон.<br>Кышкысын жарык жылуу жана балдар үчүн баардык ыңгайлуу шарттар түзүлгөн. Мектепте Ильич айыл өкмөтүнүн жардамы менен видеокамералар орнотулган.<br>Мектептин материалдык техникалык базасын чыңдоо жана информациялык ресурстарын жакшыртуу үчүн мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар менен тыгыз иш алып барат.<br>Компьютердик-технологиялык жабдуулардын жакшырып жаткандыгы.<br>Мугалимдердин МТК боюнча өз билимин өркүндөтүүсү%<br><br>2017-2018-окуу жылында 30%<br>2018-2019-окуу жылында 40%<br>2019-2020-окуу жылында 50%<br>2020-2021-окуу жылында 70%<br>2021-2022-окуу жылында 80% | |

**Мектептин материалдык техникалык базасы жана маалымат ресурстары боюнча күчтүү жактары:**
1.Мектептин материалдык техникалык базасын чындоо жана информациялык ресурстарын жакшыртуу үчүн мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдар менен тыгыз иш алып баруу жагы жакшы жолго коюлган .
2.Мектеп 2-корпустан тургандыгы жана окуучулардын бир сменде окушу;
3.Окуу кабинеттеринин жетиштүүлүгү;
4.Окутуу чөйрөсүнүн жагымдуулугу жана имараттын техникалык талаптарга жооп берүүсү;
5.Экологиялык, санитардык -гигиеналык нормалардын сакталышы;
6.Маалыматтык ресурстардын жакшыруусу ; (“Элжурнал”, “Жаңы китеп ”, ИСОУ, мектеп сайты)

**Мектептин материалдык техникалык базасы жана маалымат ресурстары боюнча алсыз жактары:**
1Физика, Химия кабинеттеринде лабораториялык жабдыктардын жетишсиздиги;
2.Жыйындар залынын жоктугу;
3.Даараткананын эскилиги ,ички дааратькананын жоктугу.
4.Кол эмгек (технология) кабинетинде инструменттердин, станоктордун жетишсиздиги;
5. Окуу кабинеттеринде интерактивдүү досканын, компьютердин жетишсиздиги;

**Сунуштар:**
Лаборотория кабинентине жетишпеген жабдыктарды жана окуу кабинеттерин компьюте0рлер менен жабдуу үчүн демөөрчүлөр жана фонддор менен тыгыз байланышта иш алып баруу.

**4.Финансалык ресурстарды башкаруу**

***Билим берүү уюмунун максаттарына жетүү үчүн финансы ресурстарын башкарууга тийиш.***

| | **Өзүн-өзү баалоо критерийлери** | **Билим берүү уюмунун анализи (өзүн-өзү анализдөө)** | **Далилдөөчү база** |
|---|---|---|---|
| **4.1** | Финансылык пландоо системасынын болушу | Мектептин стратегиялык өнүгүү планында финансылык пландоо киргизилген. Финасылык пландоо системасы кыска жана узак мөөнөттө аткарылат.<br>Пландоо системасы төмөнкү этаптардан турат:<br>- Мектептин финансылык абалынын анализи;<br>-Болжолдуу смета жана бюджет түзүү;<br>- Мектептин жалпы финансылык ресурстарга болгон керектөөлөрүн эсептөө; | 1.Мектептин финансы-экономикалык иш-аракеттерин өнүктүрүү иш мерчеми<br><br>2.Мектептин жалпы финансылык |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | -Кошумча финансылоонун булактарын аныктоо;<br>Финасылык пландын аткарылышын мектеп директору тарабынан бекитилген жана анын аткарылышын көзөмөлдөп турат.<br><br>№92 30.04.2003 жылдагы КР нын мыйзамынын 43 статьясынын негизинде мектеп персоналдарына айлык, ком.услуга жана мектептин ремонтуна, комондировкаларга акча-каражат мамлекет тарабынан төлөнөт.Мектеп жетекчилиги тарабынан 2020-жылдын 1-сентябрына кызматкерлердин саны жана кызмат маяналарынын өлчөмү көрсөтүлүп штаттык түзүм бекитилген. Штаттык түзүм 2020-жылдын 1-сентябрында мектеп директору тарабынан түзүлдү.<br>Райондук билим берүү бөлүмү менен макулдашылды. | керектөөлөрү 5-ж.<br>Мектептин бюджетин эсптөө |
| **4.2** | Кошумча финансы ресурстарын тартуу, бөлүштүрүү жана отчеттуулук боюнча ачык-айкын механизмдердин болушу. | Кошумча финансы жергиликтүү бийлик, (айыл өкмөт) мындан мектепти 10,20 лык нурум пүтүб нектек рөлүчүүрүтүб, ата -энелер анак камкорчулар кеңеши тарабынан тартылат .Андан тышкары Сим .грант жана “Кемин келечеги”, “Кемин өнүктүрүү фонду” тарабынын кошумча фининсы ресурстары тартылат. | 1.Демөөрчүлөр жана ата-энелер тарабынан кошумча финансы ресурстары боюнча отчеттор.<br><br>3.Камкорчулар кеңешинин отчёттору.<br>4.Мектептин жалпы финансылык керектөөлөрү |

| № | Аталышы | 2016-2017 | 2017-2018 | 2018-2019 | 2019-2020 | 2020-2021 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | ноутбук | | | 2 | | |
| 2 | Компьютер | 10 | | | | 10 |
| 3 | Проектор | | 1 | | | |
| 4 | Телевизор | | 2 | | | |
| 5 | Принтер | | | | | 3 |
| 6 | Түстүү принтер | | | | | 1 |
| 7 | Интер. доска | | | 1 | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 | Уюлдук телефон (Аралык-тан оку-туудa окуучу-ларга берилди) | | | | | 1 |

2017-2018-окуу жылы мектептин чатыры 1601265 сомго алмашылган.
2018-2019-окуу жылы мектептин көмүр сактоочу жайы 390139 сомго салынды.
2020-2021- окуу жылы от жагуу системасынын печкасы 1160459сомго алмашылды. Эки класс кабинетине “Кемин келечек”фондунан 129845 сомго 27 комлект парта,57200 сомго 7 шкаф,16350 сомго 12 отургуч,16100сомго 3 стол,5000 сомго кресло алынып келди.
30000 сомго окуу кабинетинин полуна линеолиум төшөлдү. 5000 сомго орус тил кабинетинин терезесине жалюзи алынды. Мектепти 20 жыл мурун бүтүп кеткен бүтүрүүчүлөр 5000 сомго микрафон-усилитель алып беришти.Камкорчулар кеңеши тарабынан 11000 сомго микрофон, чарба буюмдарына 20000 сомго, окуу китептерине 19905 сомго, дене тарбия сабагына ойноочу топтор 3000 сомго алынды. Жергиликтүү бюджет тарабынан 250 мин сомго 10 комлект компьютер алынып келди.

Азыркы учурда болуп жаткан кырдаалга байланыштуу мектепте санитардык-гигиеналык нормаларды сактоо үчүн мектептин 1 корпустун 1-кабатына өтмөк коюулду.Ашканага идиш-аяктар 10000 сомго,аралыктан окутуу мезгилинде 8 аз камсыз үй бүлөлөрдүн балдарына 30000 сомго уюлдук телефон демөөрчүлөр тарабынан алынып берилди.Мектептин веб-сайты жергиликтүү бийлик тарабынан 5000 сомго ачылды. Ильич жаштар ынтымагы тарабынан 1-класстын окуучуларына балаты майрамына карата белек 5000 сомго, спорт буюмдары 2000 сомго алынып берилди.Жергиликтүү бийлик тарабынан 10000сом мектептин Уставын жаңыртууга бөлүндү.10000 сомго

<table>
<tr><td></td><td></td><td>башталгыч класстардын 4 окуу кабинетине ата-энелердин жардамы менен терезеге жалюзи алынды.</td><td></td></tr>
<tr><td>4.3</td><td>Финансы ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу.</td><td>Мектепте финансы ресурстарын жакшыртуу максатында мектеп администрациясы тарабынан мектептин өнүктүрүү иш планы иштелип чыккан.Ар бир окуу жылынын аягында жылдык ишке анализ жазылып,коомчулукка, кызыкдар тарпка , мектеп жамаатына жалпы ата-энелер чогулушунда бюджеттик угуулар жүргүзүлөт. Финансы ресурстарын жакшыртуу үчүн мектеп ата-энелер, мектеп бүтүрүүчүлөрү жана демөөрчүлөр менен тыгыз байланышта иш алып барат. А .Ө тарабынан аткарылган иштердин актылары жазылган. 2017-2022 жылдарга бөлүнгөн акча каражаттын маалымат очёттору бар.<br><br>Демөөрчүлөр фонду<br><br>
<table>
<tr><th>№</th><th>Аталышы</th><th>Суммасы/саны</th></tr>
<tr><td>ы т а1л а Б</td><td>майрамына карата 1-класстарга белек</td><td>5000 сом</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Кол жуучу раковина</td><td>9000сом</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Мектептин веб-сайты</td><td>5000 сом</td></tr>
<tr><td>4</td><td>Спорт буюмдары</td><td>3000</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Мектеп ичинде уюштурулган математика боюнча олимпиада</td><td>3000</td></tr>
<tr><td>6</td><td>Ашкана идиштерине</td><td>10 000</td></tr>
<tr><td>7</td><td>Орус тили кабинетинин полуна ламинат</td><td>30000</td></tr>
</table>
</td><td>1.2020-ж.карата эсептөө жана чегерүү-лөрдүн топтому<br><br>2.Жергиликтүү бюджеттин алкагында мектепке жумшалган керектөөлрү жөнүндө маалымат отчёт 5-ж.жана аткарылган иштердин актылары<br><br>3.Мектептин финансы-лык милдеттенмелеринин жана мүлкүн инвентаризациялоо жөнүндө жобо</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| 8 | Терезе пардо | 5000 |
| 9 | Уюлдук телефон ( окуучуларга) | 30000 |
| 10 | Башталгыч классты жабдуу(көрсөтмө куралдар менен, стенд) | 3500 |
| 11 | Мектептин алдыңкы окуучуларын сыйлоого | 5000 |
| 12 | ы к ң ыд л А мугалимдерди сыйлоого | 5000 |
| 13 | у у кО кабинеттерин,спорт залды кезектеги ремонттон өткөрүүгө | 5 000 |

**Мектептин финансылык ресурстарды башкаруу боюнча күчтүү жактары:**

-Мамлекеттен, кошумча ресурстарды тартуу менен материалдык техникалык базанын жаңыланышы билим сапатынын жогорулашына таасир берүүдө;
- Окуучуларды шыктандыруу максатында мектеп ичинде сынактарды өткөрүп, демөөрчүлөр тарабынан сыйлоонун уюштурулушу ;
-Ата-энелердин, камкорчулар кеңешинин мектеке материалдык жардам берүүсү;
-Маалымат ресурсу, интернеттин колдонулушу;
-Финансы ресурстарын талдоо, жакшыртуу боюнча иштердин алып барылышы-
-Балдардын коопсуздугу, билими, окуусу үчүн шарттардын түзүлүшүнө финансы каражаттарын тартылышы;
- Билим берүүгө кызыкдар тараптан нааразычылыктардын жок болушу;
-Жергиликтүү бийликтин мектепке жакшы көңүл буруусу;

**Мектептин финансылык ресурстарды башкаруу боюнча алсыз жактары:**

-Кенже персоналдардын айлык акысынын аздыгы;
-Ремонтко бөлүнгөн акчалардын тендер менен чектелиши, натыйжада сапаты начар краскалардын берилиши;
-Жылдан жылга мебелдердин ,парта, отургучтардын эскириши, жаны мебелдер менен камсыз болбошу;
-Жыйындар залдардын жоктугу;

-Ремонт иштерине бюджеттен аз акча бөлүнүүсү;
-Жылдан жылга ремонтко керектүү каражаттардын кымбат болушу;
-Мектептин эскилиги;

**Сунуш:** Финансылык иш-аркеттерди жөнгө салуу, фонддор менен иштөө, камкорчулар кеңешинин ишин жандандыруу;